| | |
|---|---|
| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТЕМ** |
| Б.Осмонов атындагы | ЖАМУнун ректору |
| ЖАМУнун Окумуштуулар кеңеши | профессор К.Ж.Үсенов |
| №11 протокол | _______________ |
| "26" Июнь 2023-жыл | "____" _______ 2023-жыл |

# Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАШТАР КОМИТЕТИНИН ЖОБОСУ

## I ЖАЛПЫ ЖОБО

1.1. ЖАМУнун алдында түзүлгөн жаштар комитети Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жаштар саясатын негиздөө» мыйзамынын негизинде түзүлүп, мамлекеттик жаштар саясатын жүргүзүү максатында университеттин чегинде өзүнчө структуралык бөлүм катары кызмат аткарат;

1.2. Жаштар комитетинин жалпы иш аракетине ЖАМУнун 14 жаштан 35 жашка чейинки жаштары: студенттер, магистранттар, аспиранттар, жаш окутуучулук-профессордук курам жана кызматкерлер катыша алышат;

1.3. Жаштар комитети дал ушул ЖОБОнун негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын укуктук нормативдик актыларынын жана ЖАМУнун Уставынын негизинде иш алып барат;

1.4. Жаштар комитетинин курамы жана каржылоо фондусу ЖАМУнун администрациясынын макулдугу менен бекитилет;

1.5. Жаштар комитети коммерциялык эмес мекеме.

## II ЖАМУНУН ЖАШТАР КОМИТЕТИНИН ИШ БАГЫТТАРЫ

**2.1. Жаштар комитетинин иш багыттары төмөнкүлөр:**

- Кыргыз Республикасынын жаштар саясатын ЖАМУнун алкагында ишке ашыруу;
- «Кыргызстандын жаштары» улуттук программасын ишке ашырылышын камсыздоо;
- Эл аралык кызматташууну жана интеграцияны өнүктүрүү;
- Студент жаштар үчүн ар кандай багыттагы фестивалдар, конференциялар, конкурстарды, форумдарды, акцияларды ж.б.у.с. уюштуруу;
- Студент жаштардын кызыкчылыгын көздөгөн жеке ишкердик инициативаларды, программа, проектилерди колдоо менен студенттердин эмгектенүүсүнө, кызмат орду менен камсыз болуусуна жардамдашуу жана экономикалык-социалдык деңгээлин көтөрүү;
- Студенттердин жеке керт башынын укугун, демократиялык көз карашын калыптандыруу;
- Студенттердин өз алдынча эмгектенүүсүн, билимге умтулуусун камсыздоо менен бирдикте алардын эс алуусун, сергек жашоо образын түзүүгө чакыруу, бул багытта мамлекеттик башкаруу органдары, институттун администрациясынын жардамында программаларды иштеп чыгуу;
- Мүмкүнчүлүгү чектелген майып студенттерге, алыскы райондордон келген жана турмуш-шарты оор студенттерге моралдык жана материалдык колдоо көрсөтүү;
- Жаш илимпоздордун илимий конференцияларын уюштуруу жана студенттердин илимий макалаларын жарыкка чыгуусуна колдоо көрсөтүү;

- Студенттердин интеллектуалдык деңгээлин, руханий байлыгын жана патриоттук сезимин өстүргөн проектилерди ишке ашыруу;
- Студенттер арасында жаш үй-бүлөлөрдүн социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын колдоо, көмөк көрсөтүү.

## III ЖАШТАР КОМИТЕТИНИН ЖАЙГАШКАН ЖЕРИ ЖАНА ИШ АРАКЕТТЕРИНИН МӨӨНӨТҮ

3.1. Юридикалык дареги: 715600, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Ленин көчөсү 57. ЖАМУ, башкы корпусу;

3.2. Жаштар комитети ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралып, ректор бекитилгенден тартып, окуу жайдын чегинде мамлекеттик жаштар саясатын жүргүзүү максатында өзүнчө структура катары кызмат аткарат. Ал ЖАМУнун герби түшүрүлгөн расмий бланкын, мөөрүн, штампын колдонууга акылуу өз алдынча структура;

3.3 Жаштар комитетинин иштөө мөөнөтү чектелбейт;

3.4. Жаштар комитетинин төрагасы (төрайымы) кызмат орду жаштар комитетинин жалпы жыйынынын отурумунда каралат жана кандидатурасы университеттин ректоруна сунушталып, ректордун буйругу менен дайындалат жана жумуштан бошотулат.

## IV ЖАШТАР КОМИТЕТИНИН ТҮЗҮМҮ, ИШИН УЮШТУРУУ ЖАНА БАШКАРУУ

4.1. Жаштар комитетинин башкаруу органы болуп, жаштар комитетинин төрагасы (төрайымы) жана ЖАМУнун студенттер менен иштөө кеңеши саналат;

Жаштар комитетинин курамы төмөнкү структуралардан турат:

- Төрага;
- Орун басар;
- Катчы;
- Ар бир факультеттин жаштар комитетинин төрагалары (төрайымдары);
- Студенттер менен иштөө кеңеши, алар:

1) Окуу жана илим иштери боюнча сектор башчы;
2) Тегерек стол жана дебат боюнча сектор башчы;
3) Маданий уюштуруу иштери боюнча сектор башчы;
4) Социалдык иштер боюнча сектор башчы;
5) Массалык-маалымат иштери боюнча сектор башчы;
6) Спорт иштери боюнча сектор башчы;

Сектор башчылары комитеттин отурумунда сунушталып, добуш берүү менен бекитилет.

## IV ЖАШТАР КОМИТЕТИНИН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**4.1.Жаштар комитетинин төрага/төрайымынын кызматтык милдеттери:**

- Төрага комитеттин жалпы ишмердүүлүгүн жетектейт;
- Комитетке жүктөлгөн милдеттердин жана тапшырмалардын аткарылышын төрага координациялайт жана жооп берет;
- Комитеттин структурасын иштеп чыгат жана кырдаалга карата өзгөртүүлөрдү киргизет;
- Комитеттин структуралык жетекчилери (орун басар, сектор башчылары, факультеттердин жаштар комитеттеринин төрагалары) комитеттин жобосуна ылайык иштелип чыккан функционалдык милдеттери жана укуктары жөнүндөгү жобонун негизинде иш алып барышат;

- Комитеттин актив-мүчөлөрүн (орун басары жана сектор башчыларын) кызматка дайындайт, мыйзам чегинде дисциплиналык жоопкерчиликке тартат жана кызматынан бошотот;
- Факультеттердин жаштар комитеттеринин жоболорун бекитет;
- Өзүнүн компетенциясынын чегинде комитеттин актив-мүчөлөрүнө тапшырмаларды, инструкцияларды жана көрсөтмөлөрдү берет;
- Комитеттин ишмердүүлүгүнө байланыштуу келишимдерди жана макулдашууларды түзөт, бекиттирет, ж.б.;
- Комитеттин ишмердүүлүгүнүн негизги перспективалык багыттарын аныктайт, пландарын иштеп чыгат жана алардын аткарылышы жөнүндө отчет даярдайт;
- Факультеттердин жаштар комитеттеринин төрагалык кызматына шайлоо өткөзүү же дайындоо, конкурстук тандап алуу үчүн факультеттин жетекчилигине талапкер сунуштайт;
- Факультеттердин жаштар комитеттеринин төрагаларынын иш-пландарын бекитет жана алардын аткарган иштери тууралуу отчетторун семестрде бир жолу угат;
- Комитеттин материалдык-техникалык каражаттарынын максаттуу жана эффективдүү пайдаланылуусун контролдойт;
- Комитет курамына төрага, төраганын орун басары кирген коллегия түзүүгө укуктуу. Коллегиянын курамына окуу жайдын администрациясынан (проректорлор, декандар, бөлүм башчылар), профсоюз уюмунан, факультеттердин жаштар комитеттеринин мүчөлөрүнөн, жатаканалардын студенттик кеңештеринен өкүлдөр мүчө катары кире алат.

**4.2.Жаштар комитетинин төрага/төрайымынын орун басарынын кызматтык милдеттери:**

- Жалпы жаштар комитети тарабынан жүргүзүлүп жаткан иштерди жана төраганын/төрайымдын милдетин аткаруучу (төрага/төрайым жок учурда) болуп иш алып барат;
- Комитеттин актив-мүчөлөрүнө берилген тапшырмаларды, инструкцияларды жана көрсөтмөлөрдүн аткарылышын көзөмөлдөйт;
- Комитеттин ишмердүүлүгүнө байланыштуу келишимдерди жана макулдашууларды түзүүгө төрагага/төрайымга жардам берет;
- Комитеттин ишмердүүлүгүнүн негизги перспективалык багыттарын, пландарын иштеп чыгууга жана алардын аткарылышы жөнүндө отчет даярдоого көмөктөшөт;
- Факультеттердин жаштар комитеттеринин төрагаларынын иш-пландарынын жана алардын аткарган иштери тууралуу отчетторунун даярдалышын, аткарылуусун көзөмөлдөйт.

**4.3.Жаштар комитетинин катчысынын кызматтык милдеттери:**

- Жаштар комитеттин чогулуштарын уюштурат;
- Ар бир өткөрүлгөн иш чараларды протоколдоштуруп, кагаз жүзүндө жана электрондук формада каттап сактайт;
- Жаштар комитетинин иш-пландарын жана аткарылган иштери тууралуу отчетторун кагаз жүзүндө жана электрондук формада даярдоого көмөктөшөт.

**4.4.Жаштар комитетинин окуу жана илим боюнча сектор башчысынын кызматтык милдеттери:**

- ЖАМУнун окуу иштери боюнча жана илим боюнча проректорлору жана кызматкерлери менен тыгыз байланышта иш алып баруу;
- Факультеттерде окуу секторлору тарабынан тайпалык журналдардын текшерилүүсүн көзөмөлдөөгө, себепсиз сабакты калтырган студенттердин тизмесин тактоого жана алар менен иш алып барууга көмөктөшүү ;
- Кафедралар алдында макулдашуу менен предметтик жана илимий кружокторду уюштурууга көмөктөшүү;

- Деканаттар менен биргеликте окуунун мыктыларын тактоо жана алардын сүрөттөрүн ардак тактага жайгаштырууга көмөктөшүү;
- Сынак-сессиянын жыйынтыгы боюнча студенттердин рейтингин чыгаруу жана дубал газетага илүүнү уюштуруу;
- Деканаттар менен биргеликте окуунун мыктыларын сыйлыктарга көрсөтүүгө көмөктөшүү;
- Илимий макалаларды, курстук иштерди, рефераттарды, дипломдук иштерди жазуудагы коюлуучу талаптар жөнүндө студенттерге дубал гезиттер, семинар, тренинг, бюллетендер аркылуу маалымат берүүгө көмөктөшүү;
- Студенттерди илимий-практикалык конференцияларга, семинарларга, илим жумалыктарына, олимпиадаларга катышууга тартуу, көмөктөшүү;
- Илимпоз адамдар, аспиранттар менен жолугушууларды уюштуруу.

**4.5. Жаштар комитетинин социалдык иштер боюнча сектор башчысынын кызматтык милдеттери:**

- Жардамга муктаж (мүмкүнчүлүгү чектелген, жашоо шарты оор, ж.б.) студенттер менен иш алып баруу;
- Мүмкүнчүлүгү чектелген майып студенттерди каттоого алуу;
- Шарты оор үй-бүлөнүн студенттерине жана алыскы райондордон келген студенттердин социалдык абалын көзөмөлгө алуу, колдоо көрсөтүү;
- Университеттин окуу акысынан жеңилдиктер берүү комиссиясы менен биргеликте иш алып баруу;
- Студенттерди (муктаждыгын болсо) жатакана менен камсыз кылууга жардам берүү;
- Студенттер менен майыптарга, карылар үйүно, балдар үйүнө ж.б. жардам көрсөтүү акцияларын, ж.б. иш-чараларды уюштуруу

**4.6. Жаштар комитетинин спорт иштери боюнча сектор башчысынын кызматтык милдеттери:**

- Университеттин “Ден соолук” борборунун директору менен байланышта иш алып баруу;
- “Ден соолук борборунун” спорттук секцияларына спорт менен машыгып жүргөн жана кызыккан студенттердин катышуусун уюштурууга көмөктөшүү;
- Университетте өткөрүлүп жаткан спорттук иш-чараларды уюштурууга активдүү катышуу;
- Студенттердин арасында спорттук мелдештерди уюштуруу, өткөрүү, көмөктөшүү;
- Университеттен сырткаркы шаардык, облустук денгээлдердеги мелдештерге спортчулардын катышуусун уюштуруу, камсыздоо;
- Окуу жайлар арасында өтүүчү спорттук оюндарды, спартакиадаларды уюштурууга, өткөрүүгө катышуу, студенттерди катыштыруу.

**4.7. Жаштар комитетинин тегерек стол жана дебат боюнча сектор башчысынын кызматтык милдеттери:**

- Студенттер арасында тарбиялык мааниге ээ жана актуалдуу болгон темаларда ай сайын тегерек стол, дискуссияларды жана дебаттарды уюштуруу;
- Студенттерге дебаттын форматтары жөнүндө түшүнүк берүү жана тренингдерди уюштуруу;
- Факультеттер арасында дебаттык турнирлерди уюштуруу;
- Дебат боюнча кыргыз, орус жана англис лигадагы университтетик курама командаларды түзүү;
- Дебат боюнча ЖОЖдор арасында уюштурулуучу республикалык жана регионалдык турнирлерге студенттерди активдүү катыштыруу;

4.8. **Жаштар комитетинин маданий уюштуруу сектор башчысынын кызматтык милдеттери:**

- Студент-жаштардын окуудан сырткаркы маданий эс алуусу үчүн фестивалдар, конкурстар, викториналарды (мисалы: *"Ректордук бал"*, *«ЖАМУнун идеалдуу түгөйү»*, *«ЖАМУ мырзасы»*, *«ЖАМУ периси»*, таланттуулардын фестивалы ж.б.у.с. иш-чараларды) уюштурууга жана өткөрүүгө көмөктөшүү;
- Даталуу күндөргө (Мамлекеттик тил күнү, Мугалимдердин күнү, Бүткүл дүйнөлүк жаштар күнү, Эл аралык студенттер күнү, Бүткүл дүйнөлүк СПИДге каршы күрөшүү күнү ж.б.у.с.) карата студенттик майрамдык кечелерди уюштурууга жана өткөрүүгө көмөктөшүү;
- Студенттер үчүн окуу корпустарында жана жатаканаларда маданий эстетикалык кечелерди уюштуруу;
- Факультеттерде студенттик сынак-фестивалдардын, кечелердин мезгилдүү уюштурулушун координациялоо;
- Поэзия, ыр, бий, ж.б. кечелерди уюштуруу

4.9. **Жаштар комитетинин мүчөлөрү, факультет колледждердин спикерлеринин кызматтык милдеттери:**

- Спикерлер факультет же колледждин жалпы студенттер арасында болуучу жаштар комитетине тиешелүү ишмердүүлүгүн жетектейт;
- Факультет же колледждин жаштар комитетине жүктөлгөн милдеттердин жана тапшырмалардын аткарылышын спикер координациялайт жана жооп берет;
- Колледж же факультеттин жаштар комитеттин структурасын иштеп чыгат жана кырдаалга карата өзгөртүүлөрдү киргизет;
- Колледж же факультеттин жаштар комитеттин структуралык жетекчилери (орун басар, сектор башчыларын) комитеттин жобосуна ылайык дайындап жобонун негизинде иш алып барышат;
- Колледж же факультеттердин жаштар комитеттеринин жоболорун иштеп чыгат жана жобонун негизинде иш алып барат;
- Колледж же факультетиндеги жаштар комитетинин ишмердүүлүгүнүн негизги перспективалык багыттарын аныктайт, пландарын иштеп чыгат жана алардын аткарылышы жөнүндө отчет даярдайт, семестрде бир жолу тапшырат

## V ЖАШТАР КОМИТЕТИН КАРЖЫЛОО ТАРТИБИ ЖАНА БУЛАКТАРЫ

5.1. Жаштар комитети ЖАМУнун казынасынын жана кесиптик кошундун эсебинен каржыланат;

5.2. Бөлүнгөн акча каражаттарын иш-планга ылайык жана комитетке жүктөлгөн милдеттерди аткарууда жумшай алат;

5.3. ЖАМУнун казынасынан бөлүнгөн акча каражаттарын атайын смета менен иштетүүгө укуктуу.

Түзүүчүлөр: Турдубаев.Э.К
Усенов А.А.

УТВЕРЖДАЮ
Ректор ЖАГУ им. Б.Осмонова
д.т.н., профессор Усенов К.Ж.

______________________________

**СТРУКТУРА**
**МОЛОДЕЖНОГО КОМИТЕТА ЖАГУ им. Б.ОСМОНОВА**

